Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги

С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети

БЕКИТИЛДИ
С.Нааматов атындагы НМУнун ректорунун м.а.
_____________Омурова К.О.
"30" октября 2025-ж.

**НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН**

**ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ**

**ЖОБО**

**Нарын - 2025**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо Нарын мамлекеттик университетинин (мындан ары – НМУ) Окумуштуулар кеңешин түзүүнүн тартибин, анын курамын, ыйгарым укуктарын жана иштөө механизмин аныктайт.

2. Нарын мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңеши (мындан ары – Окумуштуулар кеңеши) университеттин окуу, илимий, илимий-методикалык жана тарбиялык ишмердүүлүгү боюнча ички саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу максатында түзүлгөн коллегиалдуу башкаруу органы болуп саналат.

3. Окумуштуулар кеңеши НМУнун ишинин негизги маселелерин кесиптик жогорку деңгээлде кароону, билим берүү процессинин сапатын жогорулатууну жана илимий иштин өнүгүшүн камсыз кылууга багытталган.

4. Окумуштуулар кеңешинин кадрдык, финансы-чарбалык жана уюштуруучулук маселелер боюнча кабыл алган чечимдери сунуштоочу мүнөзгө ээ жана НМУнун ректору тарабынан бекитилгенден кийин күчүнө кирет.

## 2-глава. Окумуштуулар кеңешинин функциялары жана ыйгарым укуктары

1. Окумуштуулар кеңеши төмөнкү негизги функцияларды жана ыйгарым укуктарды ишке ашырат:

2. Факультеттерди, кафедраларды, илимий жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдү түзүү, жоюу, ирилештирүү жана бөлүү боюнча сунуштарды кароо;

3. НМУнун өнүгүүсүнүн жылдык жана перспективдүү пландарын бекитүү;

4.Проректорлордун, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин окуу, илимий, илимий-методикалык, финансы-чарбалык жана тарбиялык иштер боюнча отчетторун угуу;

5.Университеттин ректорунун жана жетекчилеринин ыйгарым укук мөөнөтү аяктаганда алардын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары боюнча отчетторун угуу жана кийинки мөөнөткө сунуштамаларды берүү;

6. Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык билим берүү программаларын бекитүү жана алардын аткарылышын контролдоонун тартибин аныктоо;

7.Окуу процессин уюштуруу, инновациялык жана натыйжалуу окутуу технологияларын киргизүү маселелерин кароо;

8.Илимий-изилдоо жана методикалык иштердин артыкчылыктуу багыттарын аныктоо;

9.Илимий жана окуу бөлүмдөрүнүн ишинин натыйжалуулугун баалоо жана өнүктүрүү боюнча чечимдерди кабыл алуу;

10.Профессордук-окутуучулук курамдын, кафедра башчыларынын, факультеттердин декандарынын кызмат орундарын ээлоо боюнча конкурстук шайлоолордун жыйынтыктарын кароо;

11.Профессор жана доцент илимий наамдарын ыйгарууга талапкерлердин материалдарын кароо жана тиешелүү сунуштарды берүү;

12.Аспиранттардын, докторанттардын жана изденүүчүлөрдүн диссертациялык иштеринин темаларын жана илимий жетекчилерин бекитүү;

13.Студенттерге жана аспиранттарга энчилүү жана мамлекеттик стипендияларды ыйгаруу маселелерин кароо;

14.НМУнун илимий-педагогикалык кызматкерлерин мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүү боюнча сунуштарды кароо.

## 3-глава. Окумуштуулар кеңешинин курамы

1.Окумуштуулар кеңеши төмөнкү курамда түзүлөт:

- НМУнун ректору (Окумуштуулар кеңешинин төрагасы);
- проректорлор;
- окуу иштери боюнча бөлүмдүн жетекчиси;
- факультеттердин декандары;
- кафедра башчылары;
- илимий-педагогикалык түзүмдөрдүн жетекчилери;
- профсоюздук жана студенттик коомдук уюмдардын өкүлдөрү (бул курам Окумуштуулар кеңешинин жалпы санынын 50 пайызынан ашпоого тийиш);
- факультеттердин жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдүн жыйындарында шайланган профессорлор, доценттер жана көрүнүктүү окумуштуулар.

2.Окумуштуулар кеңешинин курамына зарыл болгон учурда илимий-изилдөө мекемелеринин өкүлдөрү, университетте иштебеген, бирок тиешелүү адистик боюнча белгилүү окумуштуулар, маданият жана искусство ишмерлери киргизилиши мүмкүн.

3.Окумуштуулар кеңешинин курамы НМУнун ректору тарабынан эки жылдык мөөнөткө бекитилет.

4.Кеңештин мүчөсү мөөнөтүнөн мурда чыгарылган учурда анын орду белгиленген тартипте окуу жылынын башында толукталат.

## 4-глава. Окумуштуулар кеңешинин ишин уюштуруу

1.Окумуштуулар кеңешинин иши НМУнун Уставына жана ушул Жобого ылайык жүргүзүлөт.

2.Профессордук-окутуучулук курамды кызматка шайлоо, декандарды жана кафедра башчыларын шайлоо, илимий наамдарды ыйгарууга көрсөтүү маселелери боюнча чечимдер жашыруун добуш берүү аркылуу кабыл алынат.

3.Окуу, илимий, тарбиялык жана башка маселелер боюнча чечимдер ачык добуш берүү жолу менен жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат.

4.Окумуштуулар кеңешинин чечимдери НМУнун ректору бекиткенден кийин күчүнө кирет.

5.Окумуштуулар кеңешинин жыйынтыктары протокол менен таризделет. Протоколго кеңештин төрагасы жана окумуштуу катчы кол коёт.

6.Окумуштуулар кенешинин төрагасы кабыл алынган чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөйт жана алардын аткарылышы жөнүндө кеңеш мүчөлөрүнө маалымдайт.